ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын №1 протоколу

*29-август, 2021-жыл.*

*Төрага:* А.М. Токторбаев
*Катчы:* А.А. Капарова

*Катышкандар*: Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

1. Кафедранын жана кафедранын кеңешмелеринин 2022-2023 окуу жылы үчүн иш-пландарын бекитүү;
2. ИСТ жана ИВТ адистиктери боюнча жаңы мамлекеттик стандарттын компетенцияларын талкулоо;
3. 1-курска кабыл алынган студенттер үчүн куратордук сааттарды, адаптациялык иш-чараларды жана 1-курстар арасында предметтик тандоону уюштуруу;
4. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе**

**Угулду**: *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* 2022-2023-окуу жылына карата кафедранын иш планы даярдалып, кафедралардын чечимдери бекитилген. Алардын негизинде кафедранын иш планы түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедранын мүчөлөрүнө таркатылып, кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды.

2021-2022-окуу жылындагы эң негизги маселелер окуу-усулдук, илимий иш чараларды уюштуруу жана өткөрүү.

Пландаштырылган иш чаралардын аткарылуу мөөнөттөрү, аткарууга жооптуулар планда так көрсөтүлгөн. Кафедранын жана кафедранын кеңешмелеринин пландарынын аткарылуу сапаты кафедранын ар бир мүчөсүнүн жана жооптуулардын иш аракеттерине байланыштуу болот. Ошондуктан ар бирибиз пландаштырылган иш чараларды жоопкерчилик менен аткаруубуз зарыл.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**
2021-2022-окуу жылы үчүн кафедранын кеңешмелеринин пландары бекитилсин.

**2-маселе**

**Угулду:**

*А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* 2022-2023-окуу жылы үчүн факультеттин, университеттин, мамлекеттин билим берүү системасында болгон өзгөрүүлөргө байланыштуу ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча (бакалавр, магистратура) ББПларга, күтүлүүчү натыйжаларга (РО), компетенцияларга өзгөртүүлөр киргизилди. Бул өзгөртүүлөр мамлекеттик

стандарттын жана университеттин бюллетендерине таянып жасалды. Андан сырткары ар бир багыттын ББПлардын аткарылышы боюнча иш пландар иштелип чыккан жана жумушчу топтор дайындалган. Бул пландардын негизинде иш чараларды өткөрүүбүз зарыл. 2021-22-окуу жылына стратегиялык пландын негизинде тиешелүү багыт боюнча жумушчу топтор иш пландарын беришкен. Тиешелүү багыттар боюнча ББПларды өзгөртүү кафедранын мүчөлөрү тарабынан жактырылып, төмөндогүдөй чечим кабыл алынды:

1. 2021-2022-жылы үчүн ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча ББПлардагы өзгөртүүлөр жактырылсын жана бекитилсин;
2. 2021-2022-жылы үчүн ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча ББПлардагы өзгөртүүлөрдүн аткарылышын көзөмөлдөө кафедра башчысы А. Токторбаевге жүктөлсүн.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2021-2022-окуу жылы үчүн ББПлардын аткарылышы боюнча иш пландар иштелип чыккан жана жумушчу топтор тарабынан көзөмөлгө алынсын.

Кеңешменин төрагасы А.М. Токторбаев

Катчы А. А. Капарова